**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫ**

720011, Бишкек шаары, Пушкин көчөсү, 50
Тел: +996 (312) 620821, факс: +996 (312) 620823
www.shailoo.gov.kg
e-mail: document@shailoo.gov.kg
Борбордук казыналык
ИУЖК: 20327005
БИК: 440201
ИСН: 01704199610123

**ЦЕНТРАЛЬНАЯ КОМИССИЯ ПО ВЫБОРАМ И ПРОВЕДЕНИЮ РЕФЕРЕНДУМОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

720011, г. Бишкек, ул.Пушкина, 50
Тел: +996 (312) 620821, факс: +996 (312) 620823
www.shailoo.gov.kg
e-mail: document@shailoo.gov.kg
Центральное казначейство
ОКПО: 20327005
БИК: 440201
ИНН: 01704199610123

№ ______________ «____» ________ 20 ___

Сизд.чыг. (На) № ___________ «____» _________ 20 ___

**Каркыра айылдык кеңешине №5 - Корумду шайлоо округунан талапкер Талдыбаева Салима Нурсапаевнага**
Т.: 0[redacted]

Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы (мындан ары – Борбордук шайлоо комиссиясы) Сиздин 2024-жылдын 24-ноябрындагы арызыңыз боюнча төмөндөгүлөрдү билдирет.

Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Мыйзамынын 49-беренесинин 1-бөлүгүнүн 2-абзацына ылайык, *айылдык кеңештердин депутаттыгына талапкерлерди көрсөтүү шайлоо округдарынын тизмеси расмий жарыяланган күндөн тартып башталат жана шайлоо күнүнө чейин 30 календардык күн мурун, жергиликтүү саат 18ге чейин аяктайт.*

2024-жылдын 17-октябрына карата Каркыра айылдык кеңешине №5 - Корумду шайлоо округунан жергиликтүү жамаатынын 5 мүчөсү өзүлөрүнүн талапкерлигин көрсөткөн. Алар:

1. Асанова Кенжегүл Калыалыевна;
2. Казымбекова Тахмина Агыбаевна;
3. Керимбекова Саадат Туратбековна;
4. Кыдыралиев Калыбек;
5. Талдыбаева Салима Нурсапаевна.

Арызда көрсөтүлгөн Казымбекова Тахмина Агыбаевна – Түп райондук эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция башкармалыгынын 2022-жылдын 5-августундагы №12 - буйругу менен Талды-Суу айыл аймагынын социалдык кызматкери ордуна кабыл алынган.

2024-жылдын 17-октябрында саат 16:33тө Т.А. Казымбекова Түп аймактык шайлоо комиссиясына кайрылып, өзүнүн талапкерлигин көрсөтүү жөнүндө арызын берген.

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө” Мыйзамынын 2-беренесинин 1-абзацынын 8-пунктуна ылайык, *муниципалдык кызматчы (мындан ары - кызматчы) - жергиликтүү өз алдынча башкаруу органында административдик кызмат ордун ээлеген, кызмат орду боюнча берилген ыйгарым укуктарды ишке ашыруу боюнча кесиптик кызматтык ишти жергиликтүү бюджеттин каражаттарынан акчалай сыйакы алуу менен туруктуу негизде жүзөгө ашырган жана аларды аткаруу үчүн жоопкерчилик тарткан Кыргыз Республикасынын жараны.*

Административдик муниципалдык кызмат орундар Кыргыз Республикасынын Президентинин 2017-жылдын 31-январындагы ПЖ №17 Жарлыгы менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат орундарынын реестринин 5-главасында камтылган жана социалдык кызматкер муниципалдык кызмат катары көрсөтүлгөн эмес.

Ушуга байланыштуу, Борбордук шайлоо комиссиясы Т.А. Казымбекова жергиликтүү өз алдынча башкаруу органында административдик кызмат ордун ээлебегендигин жана муниципалдык кызматчы болуп эсептелинбегендигин белгилейт.

Ошону менен бирге, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 37-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык, *Кыргыз Республикасынын жарандары мамлекеттик органдарга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына шайлоого жана шайланууга, ошондой эле референдумга катышууга укуктуу* экенин билдиребиз.

**Урматтоо менен,**

**Төраганын орун басары** **Н.Ч. Койчукеев**

атк. Нурбеков А.Н., 62-01-84

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

№ 04-12/1476, 27.11.2024

Кол койгон: Койчукеев Н.Ч., 27.11.2024